**Жусуп Турусбеков атындагы №16-жалпы билим берүүчү мектебинин 1 в классынын 2022-2023-окуу жылы үчүн ата-энелер менен түзүлгөн келишими.**

Окуучунун аты-жөнү Кочкорова Аделя

Атасынын же апасынын аты жөнү Коконбаев Эрмек Кочкорович

Жашаган жери Мамбеков а.ок. Торокулов-№5

1.Баламды же (кызымды) сабакка өз убагында жөнөтөм себепсиз калтырбайм.

2.Окуу куралдары менен толук камсыз кылам .

3.Ден соолугун дайыма көзөмөлгө алам.

4.Таза кийинтип,тыкан жүрүүсүн камсыздайм.

5.Жол коопсуздугунан,техникалык каражаттарынан этият болуусунан, табият кырсыктарынан бардык коопту нерселерден өзүм дайым көзөмөлдөйм.

6.Маданияттуу, сылык сыпа сүйлөөгө жана өзүн алып жүрүүгө үйрөтөм.

7.Сабактан кийин дайыма бош убактысын көзөмөлгө алам.

8.Мектептеги ата-энелер жыйналышына катышып,класс жетекчиси менен тыгыз байланышта болом.

9.Баламды же (кызымды) көпчүлүк менен чогулуп (жылгаяк тебүүгө, отуруштарга барууга ж.б.) кечелерге чыгууга жол бербейм өзүмдүн көзөмөлүмө алам.

10.Мектептен сырткаркы жүрүм турумуна өзүм жооп беремин.

11. Үй тапшырмаларын даярдоого жардам берип контролдойм.

12.Баламдын же (кызымдын) ден соолугуна жана коопсуздугуна өзүм жооптумун.

13.Баламдын же кызымдын билим алуусуна окуу программасын өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтөмүн.

14.Уюлдук телефонду туура багыт менен колдоно билүүгө үйрөтүп жардам берем.

15.Балам же кызым сабактан чыгып үйгө барганда мугалимге сөзсүз билдирүү жасайм.

16.Үй бүлөдө респиратордук оору менен ооруган киши болсо кабарлайм.

17. Баламды тойго, кафелерге, базарга ээрчитип барбаймын.

18. Ата-энелер үчүн нускама менен толук тааныштым жана түшүндүм деп кол коёмун.

Окуучунун ата-энесинин колу :

Класс жетекчиси:

**«Бекитемин»**

**мектеп директору: ___________**

**Абдыкулова Ж.А.**

**№16 Жусуп Турусбеков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин 2022-2023-окуу жылында ата-энелер менен иш алып баруунун ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ**

| № | **Аткарылуучу иш чаралар** | **Мөөнөтү** | **Жооптуулар** | **Кайда каралат** | **Ресурстар** | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер комитетин түзүү жана иш чараларды иштеп чыгуу. | Сентябрь. | Мектеп администрациясы. | Ата-энелер чогулушунда. | Иш чаралар. | Ата-энелер комитети түзүлөт. Иш чара иштелип чыгылат. |
| 2 | Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүү. | Сентябрь | Мектеп администрациясы Класс жетекчилер | Класс жетекчилер бирикмеси | Үч тараптуу келишим | Ата-энелер менен келишим түзүлөт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Ата-энелер үчүн “ачык эшик” жумалыгын жарыялоо. | Октябрь | Мектеп администра циясы. предметтик мугалимдер | Метод кеңешме | Ачык сааттардын иштелмеле ри | Ата эне менен мектептин байланышы бекемделет. |
| 4 | Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү окуучуларды колдоо | Дайыма | Ата-энелер комитети. кам көрүү кеңеши. | Өндүрүштүк кеңешме | Аз камсыз болгон үй бүлөдөгү балдардын тизмеси | Кам көрүү кеңешинин жардамы менен материалдык жардам көрсөтүлөт. |
| 5 | Ата-энелер арасында кароо сынак “менин балам окуган окуу классы” ата-энелер менен менен бирдикте спорттук иш чараларды өткөрүү жана демөөрчүлүк кылуу | Апрель | Мектеп администра циясы. ата-энелер комитети. | Өндүрүштүк кеңешмеде | Спорттук иш чаралардын иштелмеле ри. | Ата-эне менен мектептин байланышы бекемделет. Демөөрчүлөр көбөйөт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | “Билим берүү денгээли канааттандырабы?” Ата-энелер менен анкета жүргүзүү | Май | Мектеп администрациясы ата - энелер комитети | Өндүрүштүк кеңешмеде | Анкета | Ата-энелердин көз караштары аныкталат. Жыйынтык чыгарылат. |
| 7 | Ата- энелер менен бирдикте түнкү рейдке чыгуу. | Дайыма | Мектеп администрациясы. Ата-энелер комитети. | Өндүрүштүк кеңешмеде. | Түнкү рейд графиги | График боюнча рейд жүргүзүлөт |
| 8 | Ата- энелер арасында ар түрдүү темада лекцияларды өтүп туруу | Чогулуш сайын | Организатор класс жетекчилер | Класс жетекчилер бирикмеси | Даярдалган материалдар | Чогулуш сайын ар түрдүү лекция, докладдар окулат. |
| 9 | Окуучулардын эс алуусун уюштуруу | Каникул учурунда | Ата-энелер комитети | Класс жетекчилер бирикмеси | Эс алууга чыгаруу | Каникул учурунда окуучулардын убактылары туура пайдаланылат. |
| 10 | Камкорчулар кеңешинин чогулушу | Ар бир чейректин 2- жумасы | Мектеп директору. Кам көрүү | Кам көрүү кеңешинин чогулушунда | Кам көрүү кеңешинин отчёттору, | Ата- энелердин мектептин жашоосу менен тыгыз байланышта болот. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | кеңешинин төрагасы | | маалыматтар | |

**Ата-энелик укуктар жана милдеттер** –

ата-энелердин балдарын эрезеге жеткиче тарбиялап, укуктары жана милдеттери. Алар КРнын Конституциясында жана үй-бүлө кодексинде көрсөтүлгөн. Ата-энелик укуктар баланын төрөлүшүн жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында күбөлөндүрүлгөн документтерге негизделет. Ата-эне өз ара никеде тургандыгына же ажырашкандыгына карабастан, балдарына карата бирдей укукка ээ болуп, бирдей милдетти аткарат. Алар тарбиялоого байланышкан маселелерди өз ара макулдашып чечет, ата-эненин ортосунда чыккан талаштар өздөрүнүн катышуусу менен атайын органдарда чечилет. Ата-эне ажырашканда бала алардын кимисинде калышын өздөрүнчө чече албаса, бул маселени баланын мүдөөсүн көздөө менен сот чечет. Бөлөк жашаган ата же эне баланы тарбиялоого катышууга милдеттүү, ошондой эле бала менен жолугуп турууга укуктуу. Ата-эне балдарын мектепке берүүгө милдеттүү. Мыйзамда ата-эненин укуктарын коргоо жагы да каралган: эресеге жете элек балдарды мыйзамга же соттун чечимине карабастан, бербей кармап турган адамдан аны берүүнү талап кылууга укуктуу. Ата-эне эресеге жете элек, ошондой эле эресеге жеткен, бирок эмгекке жараксыз балдары үчүн кам көрүүгө мплдеттүү. Балдарын тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарбай койгон ата-энеге (же алардын бирине) ата-энелик укуктардан ажыратуу чарасы колдонулушу мүмкүн, бирок бул аларды балдар үчүн кам көрүү милдетинен бошотпойт. Ата-эне ата-энелик укуктарын калыбына келтирүүнү талап кылууга акылуу, бул маселе баланын кызыкчылыгын көздөө менен сот тартибинде чечилет.

Мектеп төмөндөгүдөй график менен иштейт;

| | |
|---|---|
| 1-кезмет үчүн | 2-кезмет үчүн |
| 1 смена $8^{00}$ – $13^{00}$ | $13^{15}$ – $18^{15}$ |

Окуу жылынын узактыгы майрам жана каникул күндөрүн эсептебегенде 1- класстарда 33 окуу жумасын, 2-4-класстарда 34 окуу жумасын, 5-11-класстарда экзамендик учурду эске алуу менен 34–36 га чейин окуу жумасын түзөт.

1-класстарда сабактан узактыгы 40 минута, 2-11-класстарда 45 минутаны түзөт.

1-11-класстар үчүн жумасына 5 күндүк иш тартиби бекитилген.

**Тараптардын милдеттери**
**Мектептин милдеттери**;

1. Окуучунун интеллектуалдык, нравалык, эмоционалдык жана физикалык өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды түзөт жана анын жөндөмүн ар тараптуу өнүктүрөт.
2. Окуучунун эркиндигин жана укугун коргоо кепилдигин алат.
3. Окуучунун окуу процесси учурунда ден соолугу жана өмүрүнө жана көрсөтүлгөн санитардык гигиеналык ченемдердин, талаптардын, эрежелердин сакталышына жооп берет
4. 1-11-класстардын окуучуларынын мамлекттик билим берүү стандартындагы ар бир предметтер боюнча окуу планынын чегинде акысыз билим алуусуна кепилдик берет.
5. Окуу планы, жүгүртмө,билим берүү программалары, окуу китептери менен окуу процесстерин уюштурууга милдетүү.
6. Кошумча билим берүү кызматтарын; ийримдерди, психологиялык жардамдарды көрсөтөт.
7. Ата энелерге (законду өкүлдөргө)балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча жардам көрсөтөт.
8. Окуучуларга социалдык жардам жана өз убагында ар кандай конфликттик абалдарда жардам көрсөтөт
9. Окуучулардын сабактардан жетишүүсү, билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну менен ата энелерге таанышууга мүмкүнчүлүк берүү
10. КР мыйзамдарына ылайык аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн балдарына мектеп мүмкүнчүлүккө жараша жардам көрсөтө алат.
11. Мектеп администрациясы, мугалимдер, класс жетекчилер ИДН менен биргеликте рейдке чыгышат.

**Ата эненин милдети**

1. Мектептин Уставында жазылган талаптарды жана мектептин ички тартип эрежесин сактайт.

2. 1-класстарды ата-эне өзү алып келип, өзү алып кетет
3. Окуучуну сабакка кечиктирбей алып келет
4. Баланын мектептен сырткаркы убактагы коопсуздугу ата энелерге милдеттендирилет
5. Окуучу сабакка келбей калган учурда мектепке келип класс жетекчиге же мектеп администрациясына жазуу жүзүндө билдирет.
6. Окуучунун дайыма мектеп формасы менен келүүсүн камсыздайт.
7. Окуучунун ийгиликтүү билим тарбия алуусу үчүн керектүү окуу куралдары жана дене тарбия сабагында спорттук форма менен камсыз кылат.
8. Мектеп менен биргеликте баланын сабактагы жетишүүсүн көзөмөлдөө үчүн күн сайын күндөлүктөрүн текшерип жуманын аягында кол коет.
9. Ата энелер чогулушуна жана окуучунун окуу тарбия маселелери боюнча жекече аңгемелешүү үчүн класс жетекчи, мектеп администрациясы чакырган учурда мектепке келет
10. Мугалимдер жана балдар менен баарлашууда этикалык,моралдык ченемдерди сактайт.
11. Окуучунун күнөөсү менен мектептин мүлкүнө зыян келтирилген учурда мектептин ички тартип эрежесине ылайык келтирилген зыян ата- эне тарабынан калыбына келтирилет.
12. Жашаган жери боюнча дареги жана телефону өзгөргөн учурда өз убагында класс жетекчиге билдирет.
13. Кечки саат $22^{-00}$ кийин эшике чыгарбоого милдеттүү.
14. Чет өлкөгө кетип жаткан учурда балдарын туугандарыныкына таштап кетсе , баласынын коопсуздугун, бардык укуктарын сактоо милдети тапшырган кишиге милдеттендирилет. Балдардын жоопкерчилигин өз мойнуна алган адам ата-эне менен бирге нотарустан

күбөлөндүрүлгөн тил кат тапшырат. Бул учурда келишим ата-эненин ордун баскан адам менен түзүлөт.

**Тараптардын укуктары**

**Мектептин укугу;**

1. Мектептин өнүктүрүү программасын, билим берүүнүн мазмунун, формасын, методун аныктап, окуу планын корректирлеп, окуу программасын жана окуу китептерин тандайт.
2. Мектептин Уставына ылайык иштөө режимин аныктайт( каникулдардын мөөнөтү, сабактардын жүгүртмөсү, нөөмөттөрүн)
3. Окуучунун сабак калтыргандыгына карабастан, окуу жүктөмүнүн толук көлөмдө аткарылышын талап кылат.
4. Мектептин Уставынын негизинде тартип бузган учурда дисциплинардык жаза колдонот жана керектүү учурда сыйлайт.
5. Сабактан себепсиз көп калганда, үй бүлөлүк зордук зомбулукка кабылганда, кароосуз калганда, турмуш шарты оорлогондо, одоно тартип бузганда жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө комиссиясына кайрыла алат

**Ата- эненин укугу**

1. Уставга ылайык мектеп турмушундагы ар кандай иш чараларга активдүү катыша алат
2. Кошумча билим берүү кызматтарын уюштурууда жана билим берүү процессине тиешелүү өзгөртүү киргизүүдө өз сунуштарын бере алат.
3. Мектеп администрациясынын уруксаты менен сабакка катыша алат.
4. Ар кандай конфликтерди сүйлөшүү жолу менен чечүүдө класс жетекчинин, мугалимдин, мектеп администрациясынын иш аракетине жана чечимине макул болбогон учурда Укук бузууларды алдын алуу кенешине кайрыла алат.

1-тиркеме

(Кыргыз
Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
2022-жылдын 23-
августундагы
№ 468 токтомуна)

**Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо**

**I глава. Жалпы жоболор**

1. Ушул Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо (мындан ары - Жобо) социалдык чөйрөдөгү билим берүү, маданият, социалдык коргоо, саламаттык сактоо жана жазаларды аткаруу (мындан ары - социалдык чөйрө мекемелери) системасында иштеген мекемелерде жана башка уюмдарда көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишин уюштуруунун тартибин аныктайт.

Ушул Жобо социалдык чөйрөнүн (билим берүү, маданият, социалдык коргоо, саламаттык сактоо жана жазаларды аткаруу) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринде түзүлүүчү көзөмөлчүлүк кеңештерине карата жайылтылат.

2. Социалдык чөйрөдөгү көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш) юридикалык жактын статусуна ээ эмес жана коомдук башталышта иштеген мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес, коомдук уюм болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 16-январындагы № 12-б буйругу менен аныкталган уюмдарды кошпогондо, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында Кеңешти түзүү милдеттүү болуп саналат.

Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү объекттерге төмөнкүлөр кирет:

- бардык типтеги жана түрдөгү мектепке чейинки билим берүү уюмдары;
- жалпы билим берүү уюмдары (жалпы билим берүү мектеби, окуу-тарбия комплекси, автордук окуу-тарбия комплекси, гимназия мектеби, лицей мектеби, комплекстүү мектеп, атайын мектеп (интернат), жалпы билим берүүчү санаториялык мектеп, көмөкчү мектеп, кечки мектеп (кечки жана сменалык), сырттан окутуучу жалпы билим берүү мектеби, эксперименталдык аянтчасы бар мектеп, толук эмес мектеп жана башкалар);
- бардык типтеги жана түрдөгү мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары;
- бардык типтеги жана түрдөгү атайын билим берүү уюмдары;
- балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүүчү бардык типтеги жана түрдөгү уюмдар;
- башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары (кесиптик лицей, кесиптик окуу жайы ж.б.);
- орто кесиптик билим берүү уюмдары (окуу жайы, колледж, техникум ж.б.);
- жогорку кесиптик билим берүү уюмдары (институт, академия, университет, консерватория ж.б.);
- жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары;
- кошумча кесиптик билим берүү уюмдары;
- стационардык социалдык мекемелер (интернат тибиндеги мекемелер, үй-бүлөлүк балдар үйлөрү, реабилитациялык борборлор);
- маданият, искусство жана спорт чөйрөсүндөгү мекемелер;
- дарылоо-профилактикалык саламаттык сактоо мекемелери;

- милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду;
- илимий-изилдөө институттары, улуттук илимий борборлор;
- дары-дармек менен камсыздоо бөлүмү.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү объекттерге жарандарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтар менен катар калкты билим берүү, медициналык жана социалдык жактан тейлөөнүн башка уюмдары да кирет.

4. Кеңеш өзүнүн ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, ушул Жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырат.

**II глава. Кеңештин максаттары жана милдеттери**

5. Кеңештин максаты көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатууга, гуманитардык жардамды жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга жана бөлүштүрүүгө, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

6. Кеңештин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уставдык максаттарыңа жана милдеттерине жетүүдө кызматтарды көрсөтүү боюнча мекемелердин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтүү;
- социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча булактарын тартуу.

**III глава. Кеңешти түзүүнүн эрежелери**

7. Кеңеш 15 адамдан ашпаган санда түзүлөт.

8. Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде мекеме карамагында турган ыйгарым укуктуу орган социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешин тандоо жана түзүү боюнча 11 адамдан турган комиссия (мындан ары - Комиссия) түзөт. Республикалык баш ийүүдөгү мекемелер үчүн Комиссияны ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, райондук/шаардык баш ийүүдөгү мекемелер үчүн - мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү, коммерциялык эмес же өкмөттүк эмес уюмдар үчүн - жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш түзөт.

Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:
- Комиссиянын курамын бекитет;
- бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасында Комиссияны түзүүнү уюштуруу үчүн каражаттарды караштырат.

9. Комиссиянын курамына социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иштерде тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары, мамлекеттик органдардын, ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин, студенттердин жана ата-энелердин бирикмелеринин өкүлдөрү, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар кириши мүмкүн.

10. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңешти түзүү жөнүндө жарыялайт же социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.

11. Комиссия Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кеңешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат, ал ведомстволук ыйгарым укуктарына жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Комиссиянын чечими менен бекитилет.

12. Социалдык чөйрөдөгү коммерциялык эмес же өкмөттүк эмес уюмдардын Кеңешинин сапаттык курамын тандоо жана түзүү Комиссия тарабынан жүзөгө

ашырылат, ал жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча Комиссиянын чечими менен бекитилет.
13. Кеңеш төраганын, катчынын жана мүчөлөрдүн курамында түзүлөт. Кеңештин мүчөлөрү бир эле учурда социалдык чөйрөнүн бирден ашык мекемесинде Кеңештин мүчөсү боло албайт.
14. Социалдык мекемелердин уюштуруучулары жана жетекчилери Кеңештин мүчөсү боло албайт.
15. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал бекитилген учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чектелбеген жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

**IV глава. Кеңештин ишин уюштуруу**

16. Кеңеш өзүнүн ишин көз карандысыздык, маалымдуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.
17. Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү аркылуу Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат.
Кеңештин төрагасы болуп шайланууга талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.
18. Кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал шайланган күндөн тартып башталат жана жаңы төрага шайланган күнгө чейинки күнү токтотулат.
19. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо иштеп жаткан төраганын ыйгарым укуктарынын акыркы айында өткөрүлөт. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо ушул пунктта белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөгөн учурда Кеңештин иштеп жаткан төрагасы жаңы төрага шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну улантат.
20. Төрага жок болгон мезгилде анын милдеттерин аткаруу төраганын чечими менен, ал эми мындай тапшырма берүүгө мүмкүн болбогон учурда - Кеңештин жалпы курамынын көпчүлүк добушунун чечими менен кеңештин мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт.
21. Кеңештин төрагасы:
1) Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;
2) жыйналыштарды чакырат, Кеңештин жыйналыштарынын кароосуна киргизилүүчү маселелерди аныктайт;
3) Кеңештин жыйналыштарына төрагалык кылат;
4) Кеңешке келип түшкөн материалдарды текшерүүнү уюштурат;
5) Кеңештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды көрөт;
6) Кеңештин иши жөнүндө социалдык чөйрөнүн мекемесинин уюштуруучусуна, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга маалымдайт;
7) Кеңештин чечимдерине ылайык башка функцияларды аткарат.
22. Кеңештин төрагасы өзүнүн функциялык милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда Кеңештин мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экисинин чечими менен анын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.
23. Кеңеш өзүнүн курамынан катчыны шайлайт. Кеңештин чечими боюнча катчынын ишин техникалык колдоо үчүн келишимдик негизде адамдар тартылышы мүмкүн.
24. Кеңештин катчысы:
1) Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;
2) Кеңештин мүчөлөрүнө жыйналыштын датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабарлайт, Кеңештин жыйналышынын протоколдорун жүргүзөт;

3) Кеңеште иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдерин аткаруу мөөнөттөрүн контролдойт;
4) Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка функцияларды аткарат.

## V глава. Кеңештин ыйгарым укуктары, Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери

25. Кеңештин ыйгарым укуктары, Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 7-беренелеринде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
Кеңештин ыйгарым укуктары:
1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чөйрөнү өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;
2) социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөө жана тартуу;
3) социалдык чөйрөдөгү мекемени уюштурууга тартылган бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасын аткарууну кароо жана көзөмөлдөө;
4) учурдагы жана келечектеги милдеттерди чечүүгө, социалдык чөйрөдөгү мекемелерди өнүктүрүүгө жана алардын натыйжалуу иштешине, иштин сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү.
Кеңештин укуктары:
1) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишин жакшыртуу жана социалдык чөйрө жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
2) социалдык чөйрөдөгү мекеменин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого көмөк көрсөтүү;
3) гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан тартуу;
4) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырга тиешелүү маалыматтарды кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызмат адамдарынан ишти жүзөгө ашырууга байланышкан (анын ичинде бюджеттен тышкаркы финансы-чарбалык) документтерди суроо;
5) зарылчылыкка жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жана (же) убактылуу комиссияларды түзүү;
6) билим берүү уюмун фискалдык органдар тарабынан текшерүүнүн натыйжалары менен тааныштыруу;
7) социалдык чөйрөдөгү мекемелер жаатындагы ыйгарым укуктуу органга финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн туруктуу жана (же) убактылуу комиссиялардын ишинин натыйжалары боюнча социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кызмат адамдарына, кызматкерлерине тийиштүү чараларды көрүү жөнүндө сунуштамаларды киргизүү;
8) аныкталган бузуулар жөнүндө материалдарды зарыл чараларды көрүү үчүн ыйгарым укуктуу органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына берүү;
9) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди изилдөө жана жалпылоо жана алынган маалыматты анын ишин өркүндөтүү максатында пайдалануу;
10) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү;
11) мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароого катышуу.

Кеңештин милдеттери:
1) Кеңештин бир жылга иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү;
2) социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси, алардын уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, гуманитардык жардам көрсөтүүчү башка уюмдар жана жеке адамдар менен тыгыз байланышта өз ишин жүзөгө ашыруу;
3) социалдык чөйрөдөгү мекеменин иши жөнүндө коомчулукка маалымат берүүгө көмөк көрсөтүү;
4) өзүнүн иши жөнүндө жылдык отчетту даярдоо жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү мекемелер жаатында мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу коомчулукка маалымат берүү;
5) көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
6) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча булактарын тартуу;
7) ыйгарым укуктуу органдардын суроо-талабы боюнча өз иши жөнүндө отчет берүү.

## VI глава. Кеңештин ишин жана Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу

26. Социалдык чөйрөдөгү мекемелер кайра уюштурулган учурда Кеңеш өз ишин токтотот.
27. Кеңештин ишин токтотуу анын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат. Кеңештин иши токтотулган учурда тартылган каражаттарды башкаруу боюнча анын ыйгарым укуктары Кеңештин жаңы курамы түзүлгөнгө чейин Кеңештин төрагасына өткөрүп берилет.
28. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкүдөй учурларда токтотулат:
1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;
2) ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергенде;
3) ал Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине чыгып кеткенде;
4) ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;
5) аны сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деп тааныганда;
6) Кеңештин социалдык чөйрөдөгү мекемеге же Кеңештин беделине зыян келтирген мүчөсү жүрүм-турум этикасын бузганда;
7) медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;
8) жүйөлүү себептерсиз Кеңештин жыйналыштарына катары менен беш жолу келбегенде.
29. Кеңештин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.
30. Кеңештин курамындагы бош орунду ээлөө "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
31. Ушул Жобону колдонууга байланыштуу келип чыккан талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык каралат.
32. Күнөөлүү адамдар социалдык чөйрөдөгү мекемелерге өздөрүнүн мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) менен зыян келтирген учурда "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерин бузгандыгы үчүн келтирилген чыгымдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте калыбына келтирет.

**Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоо жана пайдалануу боюнча жобо**

1. Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоо жана пайдалануу боюнча жобо "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1, 2-пункттарына ылайык социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеш (мындан ары - Кеңеш) тарабынан тартылган каражаттарын кабыл алуунун, эсебин жүргүзүүнүн жана бөлүштүрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Өзүнүн ишин уюштуруу үчүн Кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды (мындан ары - тартылган каражаттарды) тартууга укуктуу.

3. Социалдык чөйрөдөгү мекемелерге жеке жана юридикалык жактардан келип түшкөн материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар, гуманитардык жардам, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр Кеңештин мүчөсүнүн милдеттүү катышуусу менен кабыл алынат жана эсепке алынат. Баасы көрсөтүлбөгөн материалдык жана гуманитардык жардам учурдагы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан белгиленген региондук баа менен кабыл алынат.

4. Тартылган каражаттар мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттарын жана сапатын жакшыртуу, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин материалдык-техникалык, окуу-методикалык базасын өнүктүрүү жана чыңдоо үчүн жумшалат.

5. Кеңештин ишин жүзөгө ашырууга тартылган сумманын 2 пайызынан ашпаганы Кеңештин төрагасынын алыш-бериш эсебине которуу жолу менен пайдаланылат.

6. Кеңеш тарабынан товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттарды кабыл алуу социалдык чөйрөдөгү мекеменин ички буйругунун, товарларды кабыл алуу жана өткөрүү актысынын негизинде жүргүзүлөт.

7. Товарларды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы финансылык документ болуп саналат, анда келип түшкөн материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар, гуманитардык жардам, аткарылган иштер/кызмат көрсөтүүлөр, коштоочу документтердин болушу жана өткөрүлүп берилген товарлардын жалпы акчалай наркы кеңири сүрөттөлгөн.

8. Кабыл алуу-өткөрүп берүү акты - эки нускада түзүлөт жана төмөнкү реквизиттерди камтууга тийиш:

- документтин аталышы жана номери;

- документ түзүлгөн жер жана дата;

- товарларды өткөрүп берген жана кабыл алган жактар жөнүндө маалыматтар (жеке адамдар үчүн - фамилиясы, аты, атасынын аты, жарандыгы, паспорттук маалыматтар, байланыш телефондору; юридикалык жактар үчүн - аталышы, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери жана байланыш телефондору көрсөтүлгөн коштоочу документтер);

- келишимдин реквизиттери (каттоо номери жана түзүлгөн дата), анын негизинде ушул кабыл алуу-өткөрүү акты түзүлөт;

- товарлардын тизмеси жана алардын саны;

- товарлардын сапаты жөнүндө маалыматтар;

- берилген же кабыл алынган товарлардын табылган (же табылбаган) кемчиликтери жөнүндө маалыматтар;

- товардын жалпы наркы;

- товарды өткөрүп берген жактын колу;

- товарды кабыл алган жактын колу;

- товарларды ушул кабыл алуу-өткөрүп берүү актты түзгөн уюмдун мөөрүнүн оттиски.

Которулган акча каражаттары жана аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн өзүнчө кабыл алуу-өткөрүп берүү акттары түзүлөт.

9. Кеңеш тарабынан тартылган товарлар, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө каражаттарды пайдалануунун тартиби жана шарттары Кеңеш тарабынан өз алдынча аныкталат.

Кабыл алынган акчалай каражаттар, товарлар, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттарды алуунун, пайдалануунун, инвентаризациясынын тартиби жана шарттары тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик же муниципалдык орган тарабынан аныкталат.

10. Товарлар, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттар социалдык чөйрөдөгү мекеменин эсеп (отчет) берүүгө милдеттүү материалдык жооптуу кызмат адамына өткөрүлүп берилет, аны менен социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси Кеңештин материалдык каражаттары үчүн толук жоопкерчилик жөнүндө келишим түзөт.

11. Кеңештин материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарын эсепке алуу социалдык чөйрөдөгү мекеменин материалдык жооптуу кызмат адамы жүргүзөт, ал ай сайын/квартал сайын материалдык отчетту түзөт жана аны социалдык чөйрөдөгү мекеменин бухгалтердик эсеп жүргүзүү бөлүмүнө берет.

12. Кеңештин товардык-материалдык баалуулуктарын чыгаруу Кеңештин чечимине ылайык аларды чыгаруу ведомосту боюнча кийин тиешелүү эсептен чыгаруу актысын тариздөө менен жүргүзүлөт.

13. Финансылык жылдын аягында социалдык чөйрөдөгү мекемеде Кеңештин ревизиялык комиссиясынын мүчөсүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен Кеңештин материалдык баалуулуктарына инвентаризация жүргүзүлөт, инвентаризациянын натыйжалары Кеңештин кароосуна киргизилет.

14. Товардык-материалдык баалуулуктар түрүндөгү кабыл алынган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам боюнча бухгалтердик документтердин негизинде келип түшүү булагын жана суммасын көрсөтүү менен бухгалтердик отчеттуулук (баланс) түзүлөт.

15. Кеңеш тарабынан тартылган каражаттарды топтоо үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси банкта өзүнчө топтолмо эсеп ачат.

16. Банкта топтолмо эсеп ачылгандан кийин социалдык чөйрөдөгү мекеме менен банктын ортосунда эки тараптуу келишим түзүлөт, анда төмөнкү пункттар милдеттүү түрдө жазылууга тийиш:

- социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде Кеңештин акча каражаттарын сактоонун минималдуу жана максималдуу мөөнөттөрү;

- социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде турган Кеңештин каражаттарын банк пайдаланганы үчүн жылына банк тарабынан төлөнүүчү пайыздык ставкалардын конкреттүү өлчөмдөрү;

- Кеңештин акча каражаттарын сактоо мөөнөттөрүн эске алуу менен социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебине, атайын эсебине Кеңештин акча каражаттарын чегерүү (которуу) тартиби.

17. Кеңеш тарабынан тартылган накталай акча каражаттары социалдык чөйрөдөгү мекеменин кассасына чегерилет, кийин мекеменин банктагы топтолмо эсебине чегерилет, ал эми акчаны чыгарууга чыгаша кассалык документтер берилет.

18. Кеңеш тарабынан накталай эмес (банктык) которуу жолу менен тартылган акча каражаттар социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебине чегерилет.

19. Акчалай түрдө тартылган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде 14411100 "учурдагы жардам" элементи боюнча киреше бөлүгүндө топтолот, чыгашалар кассалык документтер жана бюджеттик классификациянын беренелери боюнча жүргүзүлөт.

20. Кеңештин бардык финансылык чыгашалары социалдык чөйрөдөгү мекеме тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин атайын эсебине топтолмо эсебинен акча каражаттары которулгандан кийин Кеңештин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

21. Кеңеш тартылган акча каражаттардын багытын өз алдынча тандайт. Акча каражаттары эсептен Кеңештин чечиминин негизинде гана анда көрсөтүлгөн конкреттүү максаттар үчүн алынышы мүмкүн.

22. Башка өлкөлөрдөн товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө гуманитардык жардамды алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы № 43 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында гуманитардык жардамды кабыл алуу жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндөгү жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

23. Келерки жылга тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү Кеңештин жыйналышында бекитилген кирешелердин жана чыгашалардын финансылык планына ылайык социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кирешелеринин жана чыгашаларынын бирдиктүү сметасына киргизилет.

24. Тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасы Кеңештин чечими менен бекитилет. Зарыл болгон учурда тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасына Кыргыз Республикасынын тиешелүү жылга

республикалык бюджет жөнүндө мыйзамында белгиленген тартипте өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

25. Кеңештин тартылган каражаттарын бухгалтердик эсебин жүргүзүүнүн тууралыгына, алардын талаптагыдай таризделишине жана максаттуу пайдаланылышына (Кеңештин чечимине ылайык) жоопкерчиликти жана контролду социалдык чөйрөдөгү мекемелердин жетекчиси жана башкы бухгалтери тартат.

26. Тартылган каражаттардын ушул жылы пайдаланылбаган калдыгы алып коюуга жатпайт жана кийинки жылга өткөрүлөт.

27. Кеңеш тартылган каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына финансылык контролду жүзөгө ашырат. Кеңеш финансылык контролду жүзөгө ашыруу үчүн Кеңештин ревизиялык комиссиясын түзөт.

28. Кеңештин ревизиялык комиссиясынын төрагасын жана мүчөлөрүн дайындоонун тартиби, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү жана ревизия жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү Кеңеш тарабынан аныкталат.

29. Кеңеш финансылык контролду жүзөгө ашыруу үчүн аудитордук уюмду тартууга укуктуу.

30. Кеңештин ревизиялык комиссиясы:

- жылына бир жолудан кем эмес Кеңештин тартылган каражаттарынын сарпталган чыгымдарына, ошондой эле аларды материалдык жана материалдык эмес активдер түрүндө пайдалануунун натыйжалуулугуна ревизия жүргүзөт, жылдык отчет жана баланс боюнча корутунду даярдайт;

- келерки жылга тартылган каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгашалардын финансылык планын финансылык отчеттуулук жөнүндө мыйзамдардын талаптарына шайкештиги жана аны түзүүнүн негиздүүлүгү предметине карайт;

- тартылган каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышы жөнүндө Кеңешке отчет берет.

31. Келерки жылга тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын финансылык планы Кеңештин ревизиялык комиссиясы карагандан жана жактыргандан кийин Кеңеш тарабынан бекитилет.

32. Кеңеш жылдын аягында тартылган каражаттардын пайдаланылышы жөнүндө отчетту жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялайт.

33. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган квартал сайын мамлекеттик органдын карамагындагы социалдык чөйрөдөгү мекемелерге тартылган каражаттардын түшүшүнө жана натыйжалуу пайдаланылышына контролду жүзөгө ашырат.

34. Системанын ичинде тартылган каражаттардын бирдей эмес түшүүлөрү аныкталган учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган түшүүлөр көп болгон социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешине ашыкча тартылган каражаттарды мамлекеттик органдын башка мекемелерине кайра бөлүштүрүүгө макулдук берүү үчүн кайрылууга укуктуу.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2014-жылдын 30-майы № 81

## Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Ушул Мыйзам жарандарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишинин максаттарын, принциптерин, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилейт.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 1-глава. Жалпы жоболор

#### 1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр

**Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш)** - юридикалык жак статусуна ээ болбогон, конкреттүү мекемеде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сапаттуу берүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болгондордун бардыгын ыктыярдуу негизде бириктирген мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес коомдук уюм.

**Мамлекеттик кызмат көрсөтүү** - жеке жана юридикалык жактардын суроо-талабын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын алкагында жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында келип чыгуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы.

**Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик же муниципалдык мекемелер** - ишинин негизги түрү билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламаттык сактоо жаатында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү болуп саналган мекемелер.

**Гуманитардык жардам** - мамлекеттер, уюмдар жана жеке адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, мамлекеттик, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле муктаж болгон жеке адамга калктын жашоо жана турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн азык-түлүк, техника, шаймандар, жабдуулар, медициналык каражаттар жана медикаменттер, башка мүлк түрүндө акысыз берилүүчү активдер.

**Жарандык коомдун уюмдары** - коомдун кызыкчылыктарында руханий же башка материалдык эмес керектөөлөрдү ишке ашыруу үчүн алардын кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде түзүлгөн, пайда табуу ишинин негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөрдүн, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу коммерциялык эмес уюмдар.

**Коомдук иш** - жарандардын гумандуулуктун баалуулуктарын сактоого жана чыңдоого, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, инсандын өнүгүүгө көмөктөшүүгө жана социумду өркүндөтүүгө багытталган, өз керектөөлөрүнө жана кызыкчылыктарына ылайык үчүнчү жактардын же жалпы коомдун пайдасына эркин жана аңдап-сезип тандоонун негизиндеги жеке же жамааттык, ыктыярдуу жана пайда көздөбөстөн жүзөгө ашырылуучу иши.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

#### 2-берене. Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

**3-берене. Кеңеш жөнүндө негизги жоболор**

1. Ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мекемелерди кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү милдеттүү болуп саналат.

Кеңеш башкаруу органынын иш-милдеттерин ушул Мыйзамда белгиленген компетенциянын алкагында жүзөгө ашырат.

2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү чөйрөсүндө иштеген башка уюмдардын менчик ээлери ушул Мыйзамда белгиленген шарттарда жана тартипте кеңештерди түзүүгө укуктуу.

3. Социалдык чөйрөнүн бир мекемесинде бир Кеңеш аракеттенет.

4. Кеңеш өз ишин мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүнүн анын ишине ыктыярдуу жана акысыз катышуу принциптеринде туруктуу негизде жүзөгө ашырат.

**4-берене. Кеңештин максаты жана милдеттери**

1. Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн, тамак-аш азыктарынын жана дары-дармектердин сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин айкындыгын, ошондой эле бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

2. Төмөнкүлөр Кеңештин милдеттери болуп саналат:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

2) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү;

3) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коомдук уюмдар менен, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

4) социалдык чөйрөдөгү мекемелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-берене. Кеңештин ыйгарым укуктары**

1. Кеңеш:

1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;

2) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелер үчүн тартылган бюджеттик эмес каражаттардын чыгашалар сметасын аткарууну, ошондой эле тамак-аш азыктарынын жана медикаменттердин сапатын карайт жана көзөмөлдү жүзөгө ашырат;

4) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өнүгүүсүнүн жана натыйжалуу иштешинин учурдагы жана келечектеги милдеттерин чечүүгө, иштин сапатын жакшыртууга көмөктөшөт.

2. Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишин жакшыртуу жана билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;

2) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого, тамак-ашты уюштуруунун, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыз кылууга, спорттук-массалык, дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу, социалдык-маданий, билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүүгө;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кызматкерлерин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле кызыкдар уюмдарды, адистерди жана эксперттерди Кеңештин жыйналыштарына чакырууга;

4) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашырын сырга кирген маалыматтарды кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мекеменин тиешелүү кызмат адамдарынан ишти (анын ичинде бюджеттен тышкары финансы-чарбалык) жүзөгө ашырууга байланыштуу документтерди же башка маалыматтарды суратып алууга;

5) зарылдыгына жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жана (же) убактылуу комиссияларды түзүүгө;

6) фискалдык органдар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекемени текшерүүлөрдүн натыйжалары менен таанышууга;

7) финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери бузулган учурда туруктуу жана (же) убактылуу комиссиянын, жумушчу топторунун иштеринин жыйынтыктары боюнча ыйгарым укуктуу органга социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызмат адамдарына, кызматкерлерине карата тийиштүү чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына зарыл чараларды көрүү үчүн табылган бузуулар жөнүндө материалдарды берүүгө;

9) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө жана жалпылоого жана алынган маалыматтарды мекеменин ишин өркүндөтүү максатында пайдаланууга;

10) мекеменин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөктөшүүгө;

11) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароого катышууга.

3. Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кеңештин ишинин жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;

2) өз ишин социалдык чөйрөдөгү мекемелердин администрациялары, алардын уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар менен өз ара тыгыз аракетте жүзөгө ашырууга;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүүгө;

4) жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу өз иши, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө коомчулукка маалымдоого;

5) берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүгө жана аларды өркүндөтүү боюнча өз сунуштарын киргизүүгө;

6) өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдоого жана жалпыга маалымдоо каражаттары же социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уюштуруучуларынын расмий веб-сайттары аркылуу коомчулукка маалымдоого;

7) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартууга;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 2-глава. Кеңешти түзүү жана анын ишин уюштуруу

### 6-берене. Кеңешти түзүүнүн тартиби

1. Төмөнкүлөр Кеңештин мүчөлөрү боло алышат:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары;

2) ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар.

2. Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

3. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме үчүн анын ведомстволук баш ийүүсүндө болгон жана 11 адамдан ашпаган Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) түзөт.

4. Комиссиянын курамына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка өкүлдөр кире алышат.

5. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңешти түзүү жөнүндө кулактандыруу берет же социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн расмий веб-сайтына жайгаштырат.

6. Комиссия социалдык чөйрөдөгү мекемелердин Кеңешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат жана ал жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, жергиликтүү кеңештин жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен Комиссиянын чечими менен бекитилет.

7. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн уюмдардын өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттарында социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешин түзүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде өз өкүлдөрүн өкүлдөшөт.

8. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш сунуштаманы алган учурдан тартып 3 күндүн ичинде ал тарабынан Кеңештин мүчөлүгүнө көрсөтүлгөн талапкер боюнча жарандык коомдук уюмга жүйөлүү баш тартуу билдирүүгө укуктуу. Жарандык коомдук уюм бир эле талапкерди кайталап көрсөткөн учурда, Комиссия 3 күндүн ичинде аны Кеңештин мүчөлүгүнө бекитүүгө тийиш.

9. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аны бекиткен учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чексиз жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

10. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучулары болуп саналган адамдар, ошондой эле мекемеге башчылык кылган жетекчилер Кеңештин мүчөсү боло алышпайт.

11. Кеңештин мүчөлөрү бир эле убакта социалдык чөйрөдөгү мекеменин бирден ашык Кеңешинин мүчөсү боло алышпайт.

**7-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери**

1. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемеде өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;

2) Кеңеш, жергиликтүү кеңеш жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;

3) Кеңештин төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында каралган башка укуктарга.

2. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кеңештин жыйналыштарына келүүгө;

2) Кеңештин мүчөсүнүн жүрүм-турум этикасын сактоого;

3) Кеңештин чечимдерин аткарууга;

4) мыйзамдарда жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында белгиленген башка милдеттерди аткарууга.

3. Кеңештин мүчөлөрү өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жарандардын кызыкчылыктарында аракеттенүүгө тийиш.

4. Кеңештин мүчөлөрү өздөрүнүн аракеттери (аракетсиздиктери) менен келтирилген зыян үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеменин алдында жоопкерчилик тартышат. Мында Кеңештин зыянга алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган мүчөлөрү жоопкерчилик тартышпайт.

5. Кеңештин мүчөлөрү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын токтотулушу**

1. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда токтотулат:

1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;

2) ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө арыз бергенде;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине чыгып кеткенде;

4) ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;

5) аны сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деп тааныганда;

6) Кеңештин мүчөсүнүн социалдык чөйрөдөгү мекемеге же Кеңештин беделине зыян келтирген жүрүм-турум этикасын бузганда;

7) медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;

8) жүйөлүү себептерсиз Кеңештин жыйналыштарына катары менен беш жолу келбегенде.

2. Кеңештин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен кабыл алат.

3. Кеңештин курамындагы бош орунду ээлөө ушул Мыйзамдын 6-беренесинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

**9-берене. Кеңештин ишин уюштуруу**

1. Кеңеш өз ишин көз карандысыздык, айкындуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк, мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.

2. Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү менен, Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат.

Кеңештин төрагасын шайлоого талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.

3. Кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал шайланган күндөн тартып башталат жана жаңы төраганы шайлаган күндүн алдындагы күндө токтотулат.

4. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо иштеп жаткан төраганын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт. Эгерде Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо ушул беренеде белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөй калган учурда, Кеңештин иштеп жаткан төрагасы Кеңештин жаңы төрагасы шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну уланта берет.

5. Төрага болбогон мезгилде төраганын милдеттерин аткаруу төраганын чечими менен, ал эми мындай тапшырма берүүгө мүмкүн болбогондо - анын жалпы курамынын көпчүлүгүнүн добушу менен, Кеңештин чечими боюнча Кеңештин мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт.

6. Кеңештин төрагасы:

1) Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;

2) жыйналыштарды чакырат, Кеңештин жыйналыштарында кароо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;

3) Кеңештин жыйналыштарында төрагалык кылат;

4) Кеңешке берилген материалдарды текшерүүнү уюштурат;

5) Кеңештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алат;

6) социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучусуна, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Кеңештин иши жөнүндө маалымдайт;

7) Кеңештин чечимдерине ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

7. Кеңештин төрагасы өз иш-милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда анын ыйгарым укуктары Кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмесинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

8. Кеңеш өз курамынан Кеңештин катчысын шайлайт.

Катчынын ишин техникалык жактан колдоо үчүн Кеңештин чечими боюнча адамдар келишимдик негизде тартылышы мүмкүн.

9. Кеңештин катчысы:

1) Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;

2) Кеңештин мүчөлөрүнө жыйналышты өткөрүүнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабар берет, Кеңештин жыйналышынын протоколун жүргүзөт;

3) Кеңештеги иш кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдеринин аткарылыш мөөнөттөрүн көзөмөлдөйт;

4) Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка иш-милдеттерди аткарат.

**10-берене. Кеңештин ишин финансылык жактан камсыз кылуу**

1. Кеңеш өз ишин уюштуруу үчүн мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу. Аларды кабып алуу, эсебин жүргүзүү жана бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Кеңеш тарабынан тартылган акчалай каражаттарды топтоштуруу үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеме жетекчиси банкта мекеменин топтоомо эсебин ачат. Кеңеш тарабынан тартылган акча каражаттарын топтоо жана пайдалануу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

3. Акчалай каражаттары эсептен Кеңештин чечиминин негизинде, анда көрсөтүлгөн дайындуу максаттарга гана алынышы мүмкүн.

4. Кеңеш акчалай каражаттарды өз ишин уюштурууга, бирок түшкөн сумманын 2 пайызынан көп эмесин пайдаланууга укуктуу.

5. Кеңеш жыл аягында өз иши жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында отчет жарыялайт.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-берене. Кеңештин жыйналышы**

1. Кеңештин биринчи жыйналышын Кеңештин жашы боюнча улуу мүчөсү ачат.

Кеңештин биринчи жыйналышында ачык добуш берүү менен Кеңештин төрагасы жана катчысы шайланат.

2. Кеңештин жыйналышында Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ.

Кеңештин жыйналышы ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда ченемдүү укук болот.

Кеңештин жыйналышы ачык, кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Кеңештин жыйналыштарын өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү Кеңештин жылдык иш планы менен аныкталат.

3. Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча Кеңештин мүчөлөрү кезексиз жыйналыш чакыруу жөнүндө сунуш киргизүү укугуна ээ.

4. Кеңештин мүчөлөрү анын жыйналыштарына жеке өздөрү катышат. Кеңештин жыйналышына катышуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, Кеңештин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө жөнөтүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн пикир Кеңештин жыйналышында каралууга жатат жана добуш берүүдө эске алынат.

5. Кеңештин чечими боюнча анын жыйналышына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, кесиптик бирликтердин жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши жаатында адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.

6. Кеңештин жыйналышы ачык өткөрүлөт, аларга социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өкүлдөрү, жарандар, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.

7. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболонот, ага жыйналыштын төрагасынын жана катчысынын колдору коюлат.

Кеңештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө жол-жоболонот жана Кеңештин чечимине тиркелет.

8. Кеңештин чечими боюнча тигил же бул маселелер электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу жолу менен добуш берүүгө коюлушу мүмкүн. Электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу аркылуу добуш берүү жол-жобосу, ошондой эле ушундай ыкмалар менен кабыл алынган чечимдерди протоколдук жол-жоболоо Кеңештин уставында аныкталат.

9. Эгерде алар Кеңеш тарабынан кабыл алынбаса же бекитилбесе же болбосо белгиленген тартипте алар менен макулдашылбаса, Кеңештин мүчөсү документтерди, чечимдерди, сунуштамаларды же башка маалыматтарды Кеңештин атынан жарыялоого, мамлекеттик органга же башка адамдарга берүүгө укуксуз.

10. Кеңештин иши жөнүндө маалыматтар Кеңештин расмий веб-сайтына жайгаштырылышы мүмкүн, веб-сайт болбогондо жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялануута тийиш.

**12-берене. Кеңештин мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү**

1. Кеңештин иш планынын көчүрмөсү аны бекиткен күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен, ошондой эле ага ар бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин социалдык чөйрөдөгү мекемеге, мекеменин уюштуруучусуна, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга милдеттүү тартипте жиберилет.

2. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучусу, мекеменин жетекчиси, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кеңештин жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн Кеңештин кароосуна маселелерди киргизүүгө укуктуу.

3. Мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын мекемелери мамлекеттик же башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды кошпогондо. Кеңештин суроо-талаптары - боюнча зарыл маалыматтарды берет.

4. Кеңештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (Кеңештин жыйналыштары үчүн орун жайды камсыз кылуу, орун жайды талкууланган маселелер боюнча маалымдама-маалыматтык материалдарды көрсөтүү үчүн зарыл техникалык каражаттар менен жабдуу, материалдарды көбөйтүү ж.б.) Кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

**13-берене. Кеңештин ишин токтотуу**

1. Кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме кайра уюштурулган учурда өз ишин токтотот.

2. Кайра уюштурууда (кошулуу, бөлүнүү, биригүү, бөлүп чыгаруу) социалдык чөйрөдөгү бир мекемеде бир Кеңеш аракеттенет.

## 3-глава. Кеңештин ишин координациялоо

**14-берене. Кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмеси**

1. Өз ишин координациялоо үчүн кеңештер кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмесине (мындан ары - Бирикме) ыктыярдуу башталышта биригүүгө укуктуу.

2. Бирикме юридикалык жак болуп саналат жана мыйзамда белгиленген тартипте түзүлөт.

3. Бирикме төмөнкү иш-милдеттерди жүзөгө ашырат:

1) Кеңеш үчүн кадрларды даярдоого көмөктөшүүнү;

2) кеңештердин милдеттерин жана максаттарын жалпыга маалымдоо каражаттарында пропагандалоону;

3) Кеңештин мүчөлөрү жана башка адамдар үчүн укуктук жана башка темаларда дареметти жогорулатуу боюнча коммуникативдик, маалыматтык, консультативдик иш-чараларды өткөрүүнү;

4) Кеңешке усулдук жардамдарды көрсөтүүнү;

5) көзөмөлчүлөрдү сыйлоонун ар кандай түрлөрүнө көрсөтүүнү;

6) социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңеш түзүүгө көмөктөшүүнү;

7) ушул Мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыларда жана Бирикменин уставында караоган башка иш-милдеттерди.

4. Өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн Бирикме мыйзамга карама-каршы келбеген каржылоо булактарын тартууга укуктуу.

**15-берене. Бирикменин ишин уюштуруу**

1. Бирикмеге жетекчиликти 7ден кем эмес мүчөдөн турган, уюштуруу жыйналышында шайланган башкармалык жүзөгө ашырат.

2. Башкармалыктын мүчөлөрү өз ишин акысыз негизде жүзөгө ашырышат.

3. Бирикменин учурдагы иши Бирикме мүчөлөрүнүн ичинен түзүлгөн Бирикменин катчылыгы же келишимдик негизде тартылган адистер жана эксперттер тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Бирикменин ишинин айкындыгы жана ачыктыгы**

1. Бирикме жыл аягында отчеттук конференция өткөрөт, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) кеңештердин - Бирикме мүчөлөрүнүн иши жөнүндө жыйынтыктоочу отчет;

2) кеңештердин ишинин мыкты тажрыйбалары;

3) сыйлыкка Кеңештин айырмаланган мүчөлөрүн, көзөмөлчүлүктү өнүктүрүүгө салым кошкон меценаттарды, кайрымдууларды жана башка адамдарды.

2. Бирикме жалпыга маалымдоо каражаттарында өз иши жөнүндө отчет жарыялайт.

## 4-глава. Корутунду жоболор

**17-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2014-жылдын 6-июнунда № 43 жарыяланды*

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 3 жылдан кечиктирбестен ушул Мыйзамда белгиленген тартипте социалдык чөйрөдөгү мекемелерде көзөмөлчүлүк кеңештери түзүлүүгө тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдан кечиктирбестен, Кеңешти түзүү максатка ылайыксыз болгон социалдык чөйрөдөгү мекемелердин тизмегин аныктасын.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**

**Президенти** **А.Атамбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**ТОКТОМУ**

2022-жылдын 23-августу № 468

**Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө**

"Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 4-бөлүгүн ишке ашыруу жана көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын, социалдык уюмдардын ишинин ачык-айкындуулугун, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү мекемелерде бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоо жана пайдалануу боюнча жобо 2-тиркемеге ылайык.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*“Эркин-Тоо” газетасынын 2022-жылдын 2-сентябрында № 79(3414) жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У.Жапаров**

Материалдык  техникалык  база

Педагогикалык курамга, окуучуларгаокутуунункүтүлгөннатыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгонматериалдыкресурстар:
1.Материалдык -техникалык базанын чыңдалышы боюнча плантүзүлүп, жобо иштелип чыккан.Мектеп тех каражаттар менен30%камсыздалган..

1. Компьютердиккласс
2. Момбековайылөкмөтү
3. Өнүктүрүүфонду
4.Мектептинбүтүрүүчүлөрдүнсалымы
5. Ата-энелердинсалымы

Момбеков айылы
№16 – Жусуп Турусбеков атындагы
жалпы билим берүүчү мектеби

# ПОРТФОЛИО

## Сабралиева Зыйнат
## Бакытбековна
## 9-Класс

# РЕЗЮМЕ

Аты- жөнү: Сабралиева Зыйнат

Туулган жылы: 28.01.2008ж.

Улуту: кыргыз

Хоббиси: Искусство

Үй- бүлөсү: 4 бир тууган

Атасы: Садыралиев Бакыт

Апасы: Мамурова Нургул

Үй дареги: Тажикул Балбан көчөсү:№1

Ата-энесин тел: 0(777) 58-19-22
0(770) 25-43-84

Мектеби: №16 Ж.Турусбеков жалпы билим беруу мектеби

Класс: 9 "Б"

Кл.жет: Жакыпова Канзада Абдиназаровна



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# ГРАМОТА

## НАГРАЖДАЕТСЯ

№ 16 Ж. Нурусбеков атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2020-21 окуу жылында 7 „Б" классынын окуучусу „Жакшы" жакшы бааларга окуп ийгиликтүү аяктагандыгы үчүн.

Сабралиева Зайнат

сыйланат

Мектептин директору: Абдылдаева Ж.

[illegible]: Н. Зайнирбек к 3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# ГРАМОТА

**НАГРАЖДАЕТСЯ**

Ноокен районуна караштуу
№11 Ж. Турусбеков атындагы
жалпы билим берүүчү орто
мектебинин 8а классынын
окуучусу Ирменова Арууке

Мектеп директору [signature] Абдукулова Ш.
Уя жетекчиси [signature] Замирбек к. З

# Өмүр баян

Мен Сабралиева Зыйнат Бакытбековна 2008-жылы 28-январь Жалал-Абад обласынын Ноокен районунун Момбеков айылында жарык дуйнөгө келгем.

Үй-бүлөдө 4-бир туганбыз, 2 уул, 2-кыз жана ата-энем. Атам Садыралиев Бакыт Сабыралйевич , апам Мамырова Нүргүл Умаралиевна. Мен 2013-жылы 1- сентябрда №-28 Чынгыз Айтматов атындагы орто мектебине 1-классака кабыл алынганмын.

2016-жылы 5-класска №-16 Жусуп Турусбеков атындагыжалпы билим берүүчү мектепке которулгам.

Азыркы учурда 9-класс окучуусмун.

Ошол эле жылдан метепте ийгиликтүү жакшы окуп келе жатам.

Өзгөчө химия жана биялогия сабактарын жакшы окууга аркет кыламын себеби келчектеги адистигим мыкты дарыгер болуп адамдардын ден соолугна жардам берүү.

## «Эне тилим»

Эне тилим эч убакта унутпайм,
Эне тилим энем сымал ардактайм.
Элим үчүн жерим үчүн деп жүрүп,
Эне тилим эргип кетем сени уксам!

Унутпайбыз эне тилди сыйлайбыз,
Эргүү менен кыргызчалап
ырдайбыз. Эне тилим эмгек кылам
сен үчүн, Билим алып сени менен
жашайбыз!



